КЫРГЫЗ КЫШТАГЫНЫН
АДАМДАРЫ ЖАНА
ИШТЕРИ

И. КОЙЛИЕВ

# ТЕХНИКАГА ТАЯНЫП

ҚЫРГЫЗ ҚЫШТАГЫНЫҢ АДАМДАРЫ
ЖАНА ИШТЕРИ

И. КОЙЛИЕВ

# ТЕХНИКАГА ТАЯНЫП

ФРУНЗЕ «ҚЫРГЫЗСТАН» 1980

40. 715
К 59

**Койлиев И.**

**К** 59 Техникага таянып — Ф.: Кыргызстан, 1980.— 40 б. табл — (Кыргыз кыштагынын адамдары жана иштери).

Уйларды жетилте өстүрүү жана борго байлап семиртүү боюнча «Кыргызживпромдун» Сузак районундагы мамлекеттик-колхоздук бирикмеси республиканын түштүгүндө алгачкы уюштурулган өнөр жай негизиндеги мал чарба комплексинин бири болуп эсептелет. Ал өнөр жайлык технологияны өздөштүрүп, эт өндүрүүнү көбөйтүүгө, продукциянын бирдигине эмгектин жана каражаттардын сарпталышын кыскартууга, өндүрүштүн экономикалык жогорку натыйжалуулугуна жана жумуштун сапатына жетишип жатат. Өнөр жайлык негиздеги ишканада топтолгон тажрыйба жөнүндө бирикменин директору Исмаил Койлиев баяндайт,

К $\frac{40701-164}{М\ 451(17)-80}$ 104. 80. 3804010200

636
ББК 40. 715

© «Кыргызстан» басмасы 1980-ж.

## ЫКЧАМДАТУУНУН МААНИЛҮҮ ШАРТЫ

Онунчу беш жылдыктын жылдары республикабыз үчүн зор жаңылыктардын, кубанычтуу ийгиликтердин мезгили болду. Буга биздин мамлекттик-колхоздук бирикменин иши мисал болот. КПСС Борбордук Комитетинин Генеральный секретары, СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели жолдош Л. И. Брежневдин КПСС БКнын июль (1978-жыл) Пленумунда «СССРдин айыл чарбасын мындан ары өнүктүрүү жөнүндө» жасаган докладында: —«Эт өндүрүүнү көбөйтүү — биринчи кезектеги милдет. Аны чечүү үчүн биздин бардык мүмкүнчүлүктөрүбүз менен резервдерибизди толук өлчөмдө пайдалануу, эттин бардык түрлөрүн өндүрүүнүн өсүшүнө жетишүү зарыл»— деп айткан.

Партиянын бул көрсөтмөлөрүн күндөлүк иштин күжүрмөн программасы катары жетекчиликке алып, бирикменин коллективи мал чарба продукцияларын, өзгөчө эт өндүрүүнү көбөйтүү боюнча мүмкүн болгондун бардыгын иштөөгө умтулуп жатат. Мында башкы көңүл — малды borго байлап интенсивдүү семиртүүгө, анын суткалык кошумча салмагын арттырууга, продукциянын бирдигине тоюттун сарпталышын азайтууга бурулууда. Натыйжада кошумча салмак алуунун эсебинен эт өндүрүүнү көбөйтүү боюнча пландуу тапшырмаларды, жогорулатылган милдеттенмелерди орундатуу системага айланып калды.

Бул кокусунан эмес. Биздин өлкөдө элдин турмуш жыргалчылыгынын жогорулаганына байланыштуу кийинки мезгилдерде алардын эт жана мал чарбасынын башка продуктыларына болгон керектөөлөрү да өсүп жатат. Ошондуктан партия ушул багытта практикалык чараларды иштеп чыгып, совет элинин сапаттуу тамак-аш продуктыларына, өзгөчө эт жана мал чарбасынын башка азык-түлүктөрүнө карата керектөөлөрүн мүмкүн болушунча толугураак канааттандырууга олуттуу камкордуктарды көрүүдө. Мында өндүрүштү адистештирүүнүн жана топтоштуруунун, башкача айтканда, эмгекти коомдоштуруунун мааниси чоң, ал турмуштун эң зарыл талабы болуп калды.

КПСС Борбордук Комитети биздин өлкөнүн айыл чарбасында түзүлгөн кооперативдик негиздеги ишканалардын жана бирикмелердин иштерин, ошондой эле бир тууган социалисттик өлкөлөрдүн практикасын дыкаттык менен талдап үйрөнгөндөн кийин социалдык-экономикалык бул ири көрүнүшкө жалпы партиялык, жалпы мамлекеттик маани берип отурат. 1976-жылы майда «Чарбалар аралык кооперациянын жана агро-өнөр жайлык интеграциянын негизинде айыл чарба өндүрүшүн адистештирүүнү жана топтоштурууну мындан ары өнүктүрүү жөнүндө» атайын токтом кабыл алган.

Бул документте: кеңири кооперативдештирүүнүн базасында айыл чарба өндүрүшүн адистештирүү жана топтоштуруу, аны азыркы замандагы индустриялдык негизге которуу — социалисттик айыл чарбасын мындан ары өнүктүрүүнүн магистралдык багыты, өнүккөн социализмдин шарттарында лениндик кооперативдик пландын идеяларын иш жүзүндө турмушка ашыруунун жаңы этабы болот деп айтылган.

Борбордук Комитетинин токтому партиянын жана айыл-кыштактын эмгекчилеринин толук колдоосуна ээ болду жана эң маанилүү саясий-программалык документ катары бааланды. Ал улуу лениндик кооператив-

дик пландын идеяларын конкреттүү шарттарда практикалык ишке ашырылышы жана андан ары өнүгүшү болуп эсептелет.

Токтом жарыкка чыккандан бери беш жылдан ашык мезгил өттү. Чарбалар аралык кооперациянын жана агро-өнөр жайлык интеграциянын базасында айыл чарбасын башкаруунун уюмдаштыруу формаларын өркүндөтүү жөнүндө КПСС Борбордук Комитетинин Генеральный секретары, СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели жолдош Л. И. Брежневдин көрсөтмөлөрүнөн, сунуштарынан улам келип чыккан жоболорду, айыл чарбасын мындан ары өнүктүрүү, анын экономикалык натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча партиянын XXV съездинин чечимдерин турмушка ашырып, биздин мамлекеттик-колхоздук бирикменин коллективи комплексте багылган бодо малды борго байлап мыкты семиртүү, эт өндүрүүнү көбөйтүү ишине баалуу салым кошуп жатат.

КПСС Борбордук Комитетинин июль (1978-жыл) Пленумунда жолдош Л. И. Брежневдин «СССРдин айыл чарбасын мындан ары өнүктүрүү жөнүндөгү» доклады жана ал боюнча кабыл алынган документтер бирикменин малчыларынын арасында эмгектеги зор кызыгууларды туудуруп, аларды жаңы ийгиликтерге шыктандырды. Өндүрүштүн натыйжалуулугу жана иштин жогорку сапаты үчүн күрөш мурдагыга караганда дагы кеңири кулач жайды.

Биздин ишибиздеги башкы милдет — кошумча салмак алуунун эсебинен эт өндүрүүнү көбөйтүү, Родинага арбын, сапаттуу этти көп берүү болуп эсептелет. Бирикменин коллективи комплекстин долбоордук кубаттуулугун өздөштүрүп, бодо малды жетилте өстүрүү менен кошумча салмак алуунун эсебинен эт өндүрүүнү көбөйтүү жана аны мамлекетке сатуу боюнча онунчу беш жылдыктын төрт жылынын тапшырмаларын, ошондой эле

жогорулатылган социалисттик милдеттенмелерди ийгиликтүү орундатты.

Бул мезгилдин ичинде 20 миңге жакын уй, кийинки эки жылда 58 миңден ашуун кой бордоп семиртилди. Башкача айтканда, жылына орточо эсеп менен 5 миңге жакын бодо мал, ал эми акыркы эки жылдын ар бир жылында 24 миңге жакын кой бордоп семиртилип турган. 1972-жылы 2072 гана бодо мал бордоп семиртилген болсо, 1976-жылы бирикменин комплексинде—3623, 1977-жылы —5000 уй жана 24 миңге жакын кой семиртилди. 1972-жылы ар бир уй эт комбинатына орточо 280 килограммдан тирүүлөй салмакта өткөрүлсө, 1976-жылы —347, 1977-жылы —324 килограммдан кабыл алынды.

Биздин бирикменин коллективи үчүн 1978-жыл жемиштүү болду —9992 центнер кошумча салмактын ордуна 12620 центнер жогорку сапаттагы эт өндүрүлдү. Даярдоо пункттарына өткөрүлгөн ар бир уйдун орточо тирүүлөй салмагы 334 килограммдан айланды. Бул пландуу тапшырмадагыдан 24 килограммга көп экендигин көрсөтөт. Ушунун эсебинен бирикме 735,8 миң сом акчалай киреше алууга жетишти. Анын 500 миң сомго жакыны бирикмеге мүчө болгон чарбаларга — пайщиктерге бөлүштүрүлүп берилди. Кошумча салмактагы эт өндүрүүдөгү жана рентабелдүүлүктү жогорулатуудагы жетишкен мыкты көрсөткүчтөрү үчүн бирикменин иши жогору бааланды. Бирикме Кыргыз ССРинин айыл чарба министерствосунун өтмө Кызыл Туусу менен сыйланууга татыктуу болду.

Бирикменин коллективи беш жылдыктын төртүнчү жылында да жемиштүү эмгектенди. Малды бордоп семиртүүчү операторлор өткөн жылы пландагы 11829 центнердин ордуна 13244 центнер кошумча салмактагы эт өндүрүп мамлекетке сатышты. Бул район боюнча өндүрүлгөн уй этинин 70 процентин түзөт. Бир жылдын ичинде бордоп семиртилип, кабыл алуу пункттарына өткө-

рүлгөн 5655 ноопастын ар бири орточо — 351 жана 17 миңден ашык койдун ар бири 51 килограммдан тирүүлөй салмак басты. Ар бир уйдун суткалык орточо салмак кошушу 1976-жылы — 550, 1977-жылы — 697, 1978-жылы — 710, өткөн жылы —732 граммды түздү. Ошол эле мезгилде жаш малды жетилте өстүрүүнүн, аны борго байлап семиртүүнүн белгиленген мөөнөттөрү, продукциянын бирдигине эмгектин жана тоюттун сарпталышы кыскарды. Кошумча салмакта өндүрүлгөн эттин 80 проценти жогорку жана ортодон жогорку семиздикте өткөрүлдү. Ушунун эсебинен бирикме 1200 миң сомго жакын акчалай киреше алды.

. Онунчу беш жылдыктын өткөн төрт жылында бирикме боюнча бардыгы болуп 46700 центнерге жакын кошумча салмактагы эт өндүрүлүп мамлекетке сатылган. Өндүрүштүн рентабелдүүлүгү 1976-жылдагы 14 проценттен 1979-жылы 35 процентке чейин жогорулады.

Иштеги бул ийгиликтер кокусунан жаралган жок. Алар айыл чарбасын адистештирүү жана топтоштуруу, өндүрүштү өнөр жайлык негизге которуу боюнча партия менен өкмөттүн иштеп чыккан чараларын турмушка ашыруунун натыйжасында мүмкүн болду.

Торпокторду жетилте өстүрүү жана аларды борго байлап семиртүү боюнча чарбалар аралык бирикменин иш тажрыйбасы КПССтин агрардык саясатынын илимий жактан тууралыгын жана реалдуулугун, өнөр жайлык технологияга негизденген ири өндүрүштүн артыкчылыгын ачык-айкын көрсөтүп олтурат.

Музоолорду жетилте багып өстүрүү жана борго байлап семиртүү боюнча биздин райондук чарбалар аралык комплекс 1971-жылы уюштурулган. Ошол эле жылы колхоздордун райондук Совети кооперативдик негизде 2100 бодо малды борго байлап семиртүүгө ылайыкталган чарбалар аралык комплекс курууга чечим кабыл алган. Кийинки жылы бул кооперацияга совхоздор да кошулууну каалай тургандыктарын билдиришти. Ошен-

тип мурдагы колхоздор аралык комплекс чарбалар аралык мал бордоп семиртүүчү комплекс (МОК) деп атала баштады.

Чарбалар аралык комплекс кооперацияга мүчө болгон чарбалардан топтолгон эт багытындагы малды багып семиртет. Ал эми кондицияга жеткире семиртилген мал кооперацияга мүчө болгон гана чарбалардын эт планын орундатуунун эсебине тапшырылат.

Комплекс алгачкы жылдары колхоздордон топтолгон эт багытындагы арык бодо малды күзгү-кышкы мезгилдерде гана баккан. Башкача айтканда, мамлекетке эт багытындагы малды тапшыруу сезону кызыган учурларда гана иштеген. Ал кезде цехтердин жабдуулары жана өндүрүштүн кубаттуулуктары начар эле, анын үстүнө алар толук пайдаланылуучу эмес, материалдык каражаттар, өзгөчө жем-чөп ыксыз көп сарпталчу. Малды борго байлап семиртүүнүн технологиясын өркүндөтүүнүн, эмгектин прогрессивдүү ыкмаларын колдонуунун, кошумча салмактагы эт өндүрүп алуу ишин жакшыртуунун, жалпы эле өндүрүштүн рентабелдүүлүгүн жогорулатуунун мүмкүнчүлүктөрү аз эле. Ошол себептүү комплекстин эт өндүрүүнү көбөйтүүдөгү ролу чарбаларга кецири белгилүү боло элек болучу.

КПСС Борбордук Комитетинин «Чарбалар аралык кооперациянын жана агро-өнөр жайлык интеграциянын базасында айыл чарба өндүрүшүн адистештирүүнү жана топтоштурууну мындан ары өнүктүрүү жөнүндөгү» токтомунан кийин комплекс «Кыргызживпромдун» системасына өтүп, мамлекеттик-колхоздук бирикмеге айланды. Ошентип, кайра түзүлгөндөн кийинки жылдарда бодо мал, койлор үчүн жаңы базалар, бастырмалар, тоют цехтери, жем-чөп сакталчу складдар, автогараж курулду.

Комплексти кеңейтүү улантылды. Азыркы учурда анын аймагында ондон ашык базалар жайгашкан, алардын ар бири бир нече капиталдык короо-сарайлардан

(бастырмалардан) турат. Бул базаларда, бастырмаларда ар жылы 6000 ден ашык уй, 20 миңге жакын кой багылып, борго байлап семиртилет. Капиталдык ар бир короо-сарайлардын алдында бетондон жасалган аштоолору, автоматтык сугаргычтары, үстү шифер менен жабылган бастырмалары менен мал серүүндөтүлүүчү кеңири аянттар бар. Жаан-чачын болгон күндөрү уйлар, койлор ошол бастырмаларда күтүлөт.

Комплексте багылуучу мал байланбайт. Үстү шифер менен жабылып, астына тактай төшөлгөн кеңири аянтчаларда мал эркинче жүрүп, керегинче жем-чөп жейт, суу ичет.

Малды комплексте багуунун пайдалуу жактары көп. Мурдагы 50—60 уй жайгашкан короо-сарайлардын ар биринде азыр 450—460 мал күтүлөт. Ал эми комплекстин жалпы сыйымдуулугу мурдагыга караганда төрт миң уйга, 15 миң койго, ар бир адамдын тейлөөсүнө бөлүнгөн малдын саны 45 процентке өстү. Эмгекти көп талап кылган бардык иш процесстер механизациялаштырылган, автоматташтырылган, толук электрлештирилген жана базалар, корпустар телефон байланышы менен камсыз кылынган.

## ТОЮТ ӨНДҮРҮҮ ЖАНА МАЛДЫ ТОЮТТАНДЫРУУ

1973-жылга чейин комплексти тоют менен кооперацияга кирген пайщик чарбалар камсыз кылып келген. Бирок мындай практика өзүн-өзү актабады. Анткени пайщик-чарбалар комплекстен алыс болгондуктан чөптү, силосту жана башка тоюттарды ташып келүүгө көп чыгымдарды жумшашчу. Комплексти жогорку сапаттагы ар түрдүү тоюттар менен камсыз кылуу максатында 1973-жылы райондогу «Октябрдын 40 жылдыгы» колхозунун базасында тоют даярдоочу адистештирилген бирикме түзүлгөн. Ага бирикменин комплексинде бордоп

семиртилүүчү малды тоюттун бардык түрү менен камсыз кылуу милдети жүктөлгөн. Бул колхоздо мурда да тоют өсүмдүктөрү өстүрүлүүчү. Бирок азыр аны өндүрүүнүн өлчөмү чексиз өстү. Өсүмдүктөрдү багууну, жер семирткичтерди колдонууну, түшүмдү жыйноону комплекстүү механизациялоонун базасында тоют өндүрүүнүн технологиясы жылдан-жылга жакшырууда.

Өткөн жылы чарбада беде —500, дандык жана силостук жүгөрү — 1000, кылкандуу дан эгиндери — 2000, тоют кызылчасы 50 гектар жерге эгилген. Сугат суусунун жетишсиздигине карабастан коллектив тоют даярдоо планын ийгиликтүү аткарды. Мол түшүм өстүрүүнүн устаттары аба-ырайынын ыңгайсыз шарттарына өзүлөрүнүн бай тажрыйбаларын жана жогорку агротехникалык чараларды каршы коюшту. Мисалы, М. Салихованын бригадасы жүз гектар аянттагы бедени беш-алты жолу чаап, ар гектардан жыл сайын 600—650 центнерден жашыл масса жыйналган. Ал эми А. Кинаевдин бригадасы болсо таштак жерлердеги ар гектардан 300 центнерден силостук жүгөрү алган.

Мурда райондун чарбаларынын бири да мынчалык көп тоют өндүргөн эмес. Бордоп семиртүүчү комплекстин траншеяларына жыл сайын алты миң тоннага жакын сенаж, 2 миң тонна жүгөрү силосу бастырылат. Тоют даярдоочулар мындан тышкары он миң тоннага жакын кесек тоют, анын ичинен 2000 тонна чөп, 1000 тоннадан ашык жемдик дан даярдалат. Ар бир гектардан пландагы 300 центнердин ордуна 350—400 центнерден тоют кызылчасы өндүрүлөт. Тоют даярдоону чачкычмайдалагычтар, борту бийик чиркегич тележкалар менен жабдылган транспорттук звенолор жүргүзүшөт.

Бирок, кесек жана чыктуу тоюттарды малга берүүнүн алдында аларды өнөр жайлык негизде кайра иштетип, витаминдүү кошумчаларды кошуп байытып, аш болумдуулугун жакшыртууну колго албастан туруп, эт

өндүрүүнү адистештирүүнүн экономикалык артыкчылыгы, анын келечектүүлүгү жөнүндө сөз да болушу мүмкүн эмес. Биздин бирикмеде прогрессивдүү технологиянын өзгөчөлүктөрү, анын азыркы замандагы техника менен жабдылышы, кубаттуулугу боюнча заводдон калышпай турган эки чоң цехтин мисалынан эле ачыкайкын көрүнүп турат. Алардын биринде ачытылган суюк, экинчисинде гранулдаштырылган тоют даярдалат. Тоют заводунун кубаттуу жылытуучу казаны бар, буга Эрмамат Жуманазаров, ал эми гранулдаштырылган тоют даярдоочу цехке коммунист И. Н. Шахов жетекчилик кылат. Анын эмгек жолу айыл чарбасы, тоютту кайра иштетүүчү өндүрүш менен тыгыз байланышкан.

Улуу Ата Мекендик согуш жеңиш менен аяктап фронттон кайтып келгенден кийин Иван Николаевич Жалал-Абаддагы № 1 айылдык кесипчилик-техникалык окуу жайында окутуучу болуп иштеген, ошентип ал чейрек кылымга жакын мезгилдин ичинде колхоздор жана совхоздор үчүн квалификациялуу жумушчу кадрларды даярдаган. 1969-жылдан тартып малды бордоп семиртүүчү совхоздо, кийинчерээк мамлекеттик-колхоздук бирикмеде ийгиликтүү эмгектенүүдө. Ошол себептүү да аны комплекстегилер урматташат.

Ачытылган суюк тоют даярдоочу цех да өндүрүмдүү иштейт. Мында алты адам эки сменада кезектешип эмгектенишет. Алар иштеп чыгарган жарма өзүнүн аш болумдуулугу менен айырмаланат. Цехти мастер Гарипбек Жарматов жана старший жумушчу Т. Г. Дудник жетектейт. Дудник мурда колхоздо, тоют цехинде иштеген, аябай эмгекчил аял, эл депутаттарынын райондук Советине депутат, беш бала төрөп өстүргөн, коммунисттик эмгектин ударниги.

Татьяна Григорьевна начальник болуп иштей баштагандан бери тоют ачытуучу цех кеңейтилди, жаңы жабдуулар менен жабдылды. Цехтин корпусунда ар бири он тонна сыйымдуулуктагы отуз цистерна үч катарга

тизилип коюлган. Биринчи катардагы он цистернада жарма кайнатылат. Калгандарында бышырылган жарма муздатылат.

Борго байлап семиртилип жаткан бодо мал үчүн рационго кошумча катары күн сайын берилип туруучу жогорку сапаттагы аш болумдуу ушундай суюк тоют кандайча даярдалат?

1-таблица

**Уйлар үчүн аш болумдуу тоюттардын даярдалышы**

| Ингредиенттер | Ченем бирдиги | Саны |
|---|---|---|
| Суу | литр | 8700 |
| Арпанын (же буудайдын) | | |
| адырасы | кг | 1200 |
| ачыткы | » | 100 |
| Витамин «А» | гр | 3,6 |
| Көмүр кычкылдуу | | |
| кобальт | гр | 2,6 |
| Күкүрт кычкылдуу темир | » | 18 |
| Күкүрт кычкылдуу жез | » | 20,6 |
| Йоддуу калий | » | 1,2 |
| Фторсуздандырылган фосфат | кг | 5 |
| Туз | » | 10 |

Суу толтурулган он тонналык цистерналарга универсалдуу тоют майдалагычтан түтүкчө аркылуу арпа же буудай адырасы келип куюлат. Алардын бардыгы аралаштырылат, ошондон кийин бул масса жылытуучу казандагы кубаттуу бууга кайнап чыкканга чейин кармалат. 1 саат 20 мүнөттө жарма даяр болот. Анан ал муздатуучу цистерналарга сордуруп куюштурулат.

Татьяна Григорьевнанын иши ушуну менен эле чектелип калбайт. Цистерналарда муздатылган ар бир он тонна жармага он килограммдан туз, беш килограммдан

фторсуздандырылган тоют фосфаты, нормага жараша бир нече граммдан кобальт, жез, кальций, иод кошушат. Уйларга бергенге чейин жети саатча убакыт калганда ар бир цистернадагы жармага жүз килограммдан ачыткы аралашмасы куюлат. Бул тоюттун рецептурасы 1-таблицада келтирилген.

Бардыгы даяр болуп малды тоюттандыруу убагы жеткенде цехке жарма ташуучу жабдылган атайын машина келет. Жарма цистернадан машинага труба менен сордуруп алынат. Мунун технологиясы анча татаал болбогону менен жанжигери менен эмгектенүүнү, чымыркануунu, өтө тактыкты, кылдаттыкты талап кылат. Ошентсе да тоют даярдоонун бул технологиясы эмгекти актайт. Ал эми ачытылган жарма кесек тоюттардын бардык түрүн, анын ичинде жүгөрүнүн майдаланган кургак сабактарынын даамын жакшыртат. Ачыткы кошулуп даярдалган тоюттан мал шакел чыгарбайт.

Витаминдүү чөп унун гранулдаштыруучу цехтин ролу да чоң. Бул цех жашыл массаны гана эмес, ошондой эле жүгөрүнү, буудайды, арпаны, сулуну, саманды, көп жылдык жана бир жылдык чөптөрдү, ошондой эле тоюттардын башка түрлөрүн да кайра иштетип теңдештирилген, толук баалуу рационго айландыра алат.

Бул жерге универсалдуу төрт ДКУ машиналары орнотулган, аларда кесек тоюттар майдаланылат, шнектүү бункерге чөп уну тоют майдалагычтар аркылуу, ал эми башка агрегаттардан болсо жемдик дандын адырасы берилип турат. Тоют аралаштыргычка адыра менен кошо бир эле мезгилде он проценттүү белоктуу-витаминдүү кошумча жана белгиленген норма боюнча карбамид, бетонид натрийинин порошогу келип түшөт. Аш болумдуу камыр түрүндөгү бул аралашма асма түтүк менен гранулга айлануу процессинен өтөт.

Грануляторлор жаңыдан иштетиле баштаганда «конфет» сымал жалтырак, ачык-көк түстөгү таякчалар шнектүү бункерден чубуруп жатканын көрүп кубана-

2-таблица

**Гранулдаштырылган тоюттун даярдалышы**

| Ингредиенттер | % менен | кг менен | Тоют бирдиги | Аш болумдуулугу (грамм) | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | сиңимдүү протеин | кальций | фосфор |
| Буудайдын саманы, камыш, беденин чөбү | 60 | 0,5 | 0,14 | 5 | 1,7 | 0,4 |
| Адыра | 35 | 0,4 | 0,05 | 37 | 0,08 | 0,9 |
| БВД (белок витамин кошумчасы) гр. | 5 | 10 | — | — | — | — |

сыц. Биринчи көргөн адам анын мал азыгы экенине ишенүү да кыйын. Жалтырак, ачык-көк түстөгү таякчалар прессте өтө ныкталып катуу пресстелгенине карабастан чөп жыттанат. Цех күнүнө 20 тоннадан ашык ушундай тоютту иштеп чыгарат. Тоюттун бул түрүн жетилте өстүрүүгө коюлган музоолор, борго байлап семиртилип жаткан ноопастар жакшы жешет жана арбын салмак кошушат.

Гранулятордун технологиясын тейлөөчү Ж. Бурканбаев, КДУ машинасына чөп, саман алып берип туруучу жумушчу А. Касымова гранулдун үзгүлтүксүз сапаттуу чыгарылышын камсыз кылуу менен эмгектин эң сонун үлгүсүн көрсөтүшөт. Аралаштыргычка чөп унун, адыра жана башка компоненттерди алып берип туруучу жумушчу Зинаида Бреус да өз милдетине кылдат карайт, ал бул кошумчалардын өлчөмүн белгиленген нормадан ашырбайт жана кемитпейт. Анткени алардын катышы бир аз эле өзгөрсө, ал гранулдун сапатына сөзсүз терс таасир тийгизерин жакшы түшүнөт.

Комплекс алгачкы мезгилдерде райондун колхоздорунан жана совхоздорунан ар түрдүү жаштагы малды — бир жаштан эки жашка чейинки, айрым учурларда ан-

дан да чоң ноопастарды, бракка чыгарылган кунажындарды, уйларды да кабыл алчу. Белгиленген мөөнөткө ылайык үч ай бою борго байлап мыкты тоюттандырганда да алардан күтүлгөн натыйжа алынчу эмес. Мындай малды күчөтүлгөн рацион боюнча канчалык баксаң да сөөгү гана өсүп, жакшы семирбей турганын практика көрсөттү. Малды багуудагы биздин башкы максатыбыз аларды жогорку кондицияга жеткире семиртүү болуп эсептелет.

Көп чарбаларда музоо жакшы багылбайт. Алар жарыбаган рацион боюнча тоюттандырылгандыктан арыктап кетет, нормалдуу өспөйт. Ага жол бербөө үчүн биз музоолорду үч айлыгында эле кабыл алууну чечкенбиз. Аларды биз өзүбүз багып, жетилгиче өстүрөбүз, ошондон кийин гана борго байлап семирте баштайбыз.

Биз бодо малды күтүү, өстүрүү, бордоп семиртүү иштерин уюштурууну өркүндөтүү менен бирге, ички чарбалык адистештирүү маселелерине да чоң көңүл бурабыз. Бул боюнча бир катар чаралар ишке ашырылды. Макулдашуу боюнча сүт өндүрүүгө адистешкен чарбалар бирикмени жаш музоолор менен камсыз кылып турушат. Бул жөнүндө алар менен биздин ортобузда келишим түзүлөт.

Комплекстин алгачкы төрт базасында пайщик-колхоздордон, совхоздордон алып келинген музоолор жайгашат. Үч айлык мезгилинде музоолор жынысына, жашына, тирүүлөй салмагына, тукумуна жана башка өзгөчөлүктөрүнө жараша ылгап, өзүнчө топторго бөлөбүз, бир айлык карантинден өткөрөбүз.

Музоолорго кылдаттык менен зоовстеринардык байкоолор жүргүзүлөт. Комплекске алынып келген музоолорго алгачкы суткаларда жакшы чөп, анын эртеси глюкоза жана жасалма сүт менен тоюттандырылат. Ылаңдууларын дарылоо үчүн 1,5 миллион бирдигиндеги тетрациклин, андан кийин эки жума бою биовитамин берилет. Профилактикалык дарылоо жана эмдөө чара-

ларын убагында колдонуу жугуштуу ылаңдардын пайда болушуна жол бербейт. Ошону менен бирге зооветеринардык адистер күн тартибинин сакталышына, тоюттун даярдалышына, малдын күтүлүшүнө жана анын туура тоюттандырылышына контролдук жүргүзүшөт, бул иштер боюнча пайда болгон маселелерди оперативдүүлүк менен чечүүгө аракеттенишет. Комплексте зооветеринардык, санитардык жогорку маданияттын болушу бардык малдын аман сакталышына, музоолордун тез өсүшүнө, алардын ылдам эт алып, арбын салмак кошушуна мыкты өбөлгө түзөт. Натыйжада карантинден өтүү мезгилинин ичинде эле ар бир музоо 15—20 килограммдан салмак кошот, алардын орточо суткалык салмак кошуусу да 500—650 граммга чейин жетет.

Малды бордоп семиртүү процесси үч мезгилге бөлүнөт: биринчиси, семиртүүнүн башталышы — мында музоолор тийиштүү салмакка чейин өстүрүлөт. Экинчиси, семиртүүнүн салмак кошуу мезгили. Үчүнчүсү, семиртүүнүн мезгили аяктайт. Мал 18-20 айлыгында, башкача айтканда ноопастардын ар биринин орточо тирүүлөй салмагы 360—380, кунажындыкы 320—350 килограммга жеткен мезгилде гана эт комбинатына тапшырыла баштайт (3-таблицаны караңыз).

Ошентип, комплексте бодо малды бордоп семиртүү үчүн: чөп, силос, жем, сенаж, гранулдаштырылган тоюттар колдонулат. Малды интенсивдүү бордоп семиртүү мезгилинде концентрацияланган тоюттар өзүнүн аш болумдуулугу жагынан рациондун 30 процентке жакынын түзөт. Ал эми жайкы мезгилдерде жашыл тоют чечүүчү роль ойнойт, ал рациондун 80—90 процентине барабар.

Бирикменин адистери бодо малды гана эмес койлорду боордоп семиртүү ишине да чоң маани беришет. 15 миң кой сыярлык комплекс иштеп жатат. Өткөн жылы мында эмгектенгендер 17 миңден ашык койду бордоп семиртишти. Алардын ар биринин орточо тирүүлөй салмагы 51 килограммга жеткирилип, эт комбинатына

3-таблица

**Орточо тирүүлөй салмагы 300—320 килограммга жетип, бордоп семиртилип жаткан 12—15 айлык бодо мал үчүн болжолдуу рацион**

| Тоюттардын составы | кг | т/б | Аш болумдуулугу (грамм) | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | сиңимдүү протеин | Ca | P | каротин |
| Силос | 6 | 1,2 | 67 | 8,4 | 4,2 | 60 |
| Сенаж | 7 | 2,4 | 240 | 27 | 8 | 37 |
| шелуха | 2 | 0,6 | 4,8 | 1,6 | 2 | — |
| саман | 2 | 0,4 | 16 | — | — | — |
| комбитоют | 1,5 | 1,1 | 170 | 2,8 | 1,4 | — |
| гранулдар | 3 | 2,07 | 150 | 11,2 | 8,0 | — |
| жарма | 15 | 1,3 | 160 | 6,9 | 3,6 | |
| туз (грамм) | 40 | — | — | 12,9 | 2,6 | — |
| Бардыгы | — | 9,0 | 807 | 70 | 29 | 97 |

тапшырылды. Бул планда каралгандагыдан 5 килограммга жогору болуп эсептелет. Мындан тышкары этке тапшырылаардын алдында ар бир койдон 3,1 килограммдан жүн кыркылып алынган. Анын эсебинен бирикме мамлекетке 34 тонна жибек жүн сатты.

Быйылкы жылы комплексте 17 миңге жакын кой багылууда. Алар кой комплексинин алты базасына, он эки секциясына жайгаштырылган. Булар негизинен карылыгы жеткен, аксак жана башка кемчиликтери боюнча бракка чыгарылган койлор. Аларды колхоздордон жана совхоздордон кабыл алган мезгилде ар биринин тирүүлөй салмагы 20—25 килограммдан эле болгон. Бирок, күчөтүлгөн рацион боюнча тоюттандыруу, жакшы багуу малдын абалын тез өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк түздү. Мисалы, ыкчамдатылган бордоп семиртүү мезгилинин ичинде ар бир койго күн сайын чөп —1, сенаж —1 килограмм, гранулдаштырылган тоют —50, арпанын же буудайдын адырасы —400 грамм өлчөмүндө берилет.

Биз жогорудагыдай күн тартибин үч жылдан бери

4-таблица

**Кой комплексинде аткарылуучу жумуштардын күн тартиби**

| Жумуштардын түрлөрү | Аткаруу убактысы (саат менен) |
|---|---|
| Эртең мененки тоют таратуу | 6—8 |
| Ветеринардык кароо, тыныгуу, сугаруу | 8—12 |
| Түнкү тоют таратуу | 12—14 |
| Секцияларды тазалоо, тыныгуу, сугаруу | 14—17 |
| Кечки тоют таратуу. | 17—19 |
| Койлорду түнкү күзөтчүгө өткөрүү | 19—20 |

колдонуп келе жатабыз, бул койлорду өнөр жайлык негизде борго байлап семиртүүгө мыкты шарт түзөрүнө ынандык. Ар бир чоң кой күн сайын орточо —140 граммдан, козу —70 граммдан салмак кошот. Ал эми Надыр Төлөшов башкарган базада иштеген алдыңкы оператор-чабандар өздөрү тейлеген койлордун ар бирине суткасына 150 граммдан салмак кошулушуна жетишүүдө. Мындагы алты адам он миң койду багып тейлешет.

Алар өткөн жылы ар бир койдун орточо тирүүлөй салмагын 52 килограммга жеткирип, этке тапшырышкан. Мындай ийгиликтин жаралышына тоют таратуучу техниканы тейлеген механизатор Абдымомун Козубаев да баалуу салымын кошууда. Ал ар бир секциядагы койлорго тоют таратууну он мүнөттүн ичинде ишке ашырат. Кой комплексинде малды багуунун башка процесстери да механизациялаштырылган жана автоматташтырылган.

## БОРДОП СЕМИРТҮҮНҮН УСТАТТАРЫ

Биздин бирикменин Ардак тактасы көрүнө жерге коюлган. Анда алдыңкы жумушчулардын, цехтердин

начальниктеринин, базалардын башчыларынын сүрөттөрү кадалган. Алар өзүлөрүнүн эмгеги жогору бааланганына ыраазы. Мындай адамдар бүгүнкү гана эмес, эртеңки жана андан аркы күндөрдөгү жогорку көрсөткүчтөргө умтулушат. Алардын атаандашып, эмгектенишип жатышканына кубанып таң каласың. «Адам деген эмгек, эмгек деген адам. Эмгексиз адам — адам эмес. Адамды жетилткен да, такшалткан да, элге таанылткан да эмгек...» деп түшүнүшөт бирикменин кызматкерлери.

Биздин бирикменин коллективинде аты сыймык менен айтылып, сүрөтү Ардак тактада кадалып турган кадырлуу адамдардын бири — малды бордоп семиртүүнүн устаты Расул Аманкулов. Өткөн жылдын күзүндө ал баккан 210 ноопас эт комбинатына жөнөтүлгөн эле. Кабыл алуу пунктуна өткөргөндө ар биринин орточо тирүүлөй салмагы 426 килограммдан айланды. Бул пландагыга караганда 72 килограммга жогору. Мындай оор салмактагы, жогорку семиздиктеги эт үчүн комбинат бизге акчаны көбүрөөк төлөп берет.

Расул Аманкулов уйларды жаңы технология боюнча бордоп семиртүүнүн көп сырларын, ыкмаларын мыкты өздөштүргөн тажрыйбалуу малчы. Эмгекчил, бүйрө адамды иш үстүнөн жолуктурган сайын мени кубандырып, ал жөнүндө көңүлүмө кандайдыр бир жылуу сезим калтырып, толкундатып жиберет.

Старший оператор малды борго байлап семиртүүчү цехтеги, бададагы өзүнүн бардык кесиптештери сыяктуу эле мал чарбасын өнүктүрүү, анын продуктуулугун арттырып, элдин эт жана башка азык-түлүктөргө улам өсүп жаткан керектөөлөрүн толугураак канааттандыруу жөнүндө КПССтин XXV съездинин, Борбордук Комитеттин июль (1978-жыл) Пленумунун чечимдерин орундатуу ишине татыктуу эмгек үлүшүн кошуп жатат. Ал өзүнүн эки жардамчысы, кенже операторлор — Курманбек Аманкулов жана Замирбек Сатаров менен 660 ноопасты багышат. Мында алардын милдети көп, бирок

максаты бирөө гана — малды ыкчамдатып, бордоп семиртип, суткалык өсүшүн арттыруу. Башкача айтканда, кошумча салмак алууну көбөйтүү болуп эсептелет.

Ушул асыл максатта алардын ар бири өзүлөрүнүн карамагындагы ноопастардын абалына, эт алышына көз салат, рацион боюнча тийиштүү тоютту толук алууга, аны төкпөй-чачпай ар бир малга өз убагында берилишине, суткалык арбын салмак кошуусуна жетишүүгө аракеттенет. Малга берилүүчү тоюттардын бардыгы таразада тартылат. Бул эреже биздин комплексте адатка айланып калган. Ошону менен бирге ноопастар borgo байлап семиртилип жаткан короо-сарайларда, алар сейилдөтүлүүчү аянтчаларда ички тартип эрежелеринин сакталышына, бардык малдын өз убагында тазаланып, сугарылып турушуна олуттуу маани берилет.

Малды бордоп семиртүүдө топтун старший оператору Расул Аманкуловго операторлор, коммунисттер Курманбек Аманкулов жана Замирбек Сатаров жакшы жардамдарды көрсөтүшөт. Алар карамагындагы малды тазалап, тоюттандыруу, сугаруу режимдерин сактоо боюнча өз милдеттерине ар-намыстуулук менен мамиле жасашат. Ошол себептүү алардын тобундагы ноопастардын багылышына кубанасың.

Булардын жашы бир жылга да толо элек,— дейт Замирбек Сатаров. — Бирок, ар бирөөнүн орточо тирүүлөй салмагы кадимки чарбаларда семиртилген ушундай эле жаштагы торпоктордун салмагынан 50—60 килограммга көптүк кылат.

Ушундай сонун жаш малды эт комбинатына жөнөтүүгө да кыйбайсың. Бирок өндүрүштүн максаты ошондой эмеспи — өлкөгө эт, болгондо да жогорку семиздиктеги сапаттуу этти, ал эми жеңил өнөр жайына сырьё үчүн терини көп беришибиз керек. Бул милдетти Расул Аманкулов, анын жардамчылары — Замирбек Сатаров жана Курманбек Аманкулов жакшы түшүнүшөт. — Эт өндүрүүнү көбөйтүү биринчи кезектеги милдет. Аны

ийгиликтүү чечүү үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрүбүздү жана резервдерибизди толук өлчөмдө пайдаланып, эт өндүрүүнү көбөйтүүгө жетишүүбүз зарыл. КПСС Борбордук Комитетинин июль (1978-жылы) Пленуму койгон бул милдетти оператор-малчылар терең түшүнүшүп, аны турмушка ашыруу үстүндө чыгармачылык изденүү менен күрөшүүдө.

— Өз ишиңди сүйсөң, аны жакшы билсең, ак ниеттүүлүк менен эмгектенсең, каалаган максатыңа жетесиң,— дейт Курманбек. Ооба, ал өз кесибин чын дили менен сүйүп, жаштык жалын менен эмгектенет. Демилгелүү эмгектин акыры кубаныч менен жыйынтыкталат эмеспи. Буга төмөнкүдөй көрсөткүчтөр ачык-айкын мисал болот: комплексте борго байлап семиртилип жаткан ноопастар 18—19 айлыгында ар бири орточо 350 килограммдан салмак басышы керек. Ал эми Курманбек менен Замирбек баккан топтордогу ар бир ноопастын орточо тирүүлөй салмагы 400 килограммдан ашат.

Бул эки коммунист-оператор баккан ар бир малдын суткалык салмакка кошушу да бирикме боюнча белгиленген чектен бир кыйла жогору же 1000—1200 граммданды түзөт. Кабыл алган милдеттенме боюнча алар ар бир малга суткасына 900 граммдан салмак кошулуп турушун камсыз кылуулары зарыл. Мына ошентип, асыл максаттуу адамдардын колунан тоюттандырылган мал күнүнө эмес, саат сайын өсүп, салмак кошорун көзүбүз менен көрүп, буга ынанып калдык.

Биз, коммунисттер КПССтин XXV съездинин жана Кыргызстан Компартиясынын XVI съездинин чечимдерин ийгиликтүү орундатуу үчүн бардык билимибизди, күч-кубатыбызды жана жөндөмдүүлүгүбүздү жумшоого даярбыз. Бул баарынан мурда активдүү жана кужурмөн эмгек көрүнөт.

Коммунисттик партия белгилеп бергендерди иш жүзүнө ашыруу үчүн ар бир советтик адам мурдагысынан да кужурмөн, кайратман, демилгелүү иштөө керек.

Ал ишке чын дили менен берилип, өзүнүн күчүн жана билимин өндүрүштүк, жалпы элдик ишке жумшоого тийиш.

Замирбек менен Курманбек дал ошондой коммунисттерден. Алар эмгекке коммунисттик мамиле кылуу жагынан гана эмес, коомдук жумуштарга, партиялык тапшырмаларга да чын дили менен берилип, бул жагынан башкаларга өрнөк көрсөтүшөт. Ал экөө тең бордоп семиртүүчү цехте иштегендердин арасында саясий түшүндүрүү иштерин жүргүзүшөт, партиялык уюмдун эсебинде мыкты агитаторлор. Алар өзүлөрүнүн бул милдетин КПСС Борбордук Комитетинин «Идеологиялык, саясий-тарбиялоо ишин мындан ары жакшыртуу жөнүндөгү» токтомунун талабына ылайык пропаганданын жана агитациянын ишмердүүлүгүн, алдыдагы чарбалык жана саясий милдеттер менен тыгыз байланыштырып жүргүзүүгө аракеттенишет. Ал эми өрнөк көрсөтүү коллективге, жалпы массага таасир көрсөтүүнүн практикада сыналган каражаттарынын бири болуп эсептелет.

Эмгек — адамдын үзүрү. Буга тракторист Павел Голенконун ишин мисалга алалычы. Күн сайын эрте туруу ага салт болуп калган. Эртең мененки саат алты болгондо Голенкону үйүнөн таппайсың, ал бул маалда күн мурдатан жөнгө салынган тракторун от алдырып жолго чыгат. Күтүүгө болбойт. Анткени кесек тоюттарды кайра иштетүүчү линиянын кубаттуу агрегаттарында даярдалган аралашмаларды үч тоют таркаткычка жүктөө керек. Бул 5500 бодо малдын жана 17 миңге жакын койдун эртең мененки гана азыгы. Ушунча малга тоютту өз убагында ташып жеткирүү, албетте, оңой жумуш эмес.

Павел Голенко өзүнүн милдетин ар-намыстуулук менен аткарат. Ал өзүнүн кесиптештери — трактористтер менен майдаланган тоютту цехтен аштоолорго жеткирет. Майдаланган тоютка жарма куюлуп, анын сапаты дагы жакшыртылат.

Голенконун кесиптештери да коммунисттер Замирбек Сатаров жана Курманбек Аманкулов сыяктуу эле бул күндөрү КПСС Борбордук Комитетинин ноябрь (1979-жыл) Пленумунун чечимдеринен жана ушул Пленумда КПСС Борбордук Комитетинин Генеральный секретары, СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели жолдош Л. И. Брежневдин сүйлөгөн сөзүнөн келип чыккан милдеттерди турмушка ийгиликтүү ашыруу ишине татыктуу салым кошуу үчүн өз ара социалисттик мелдешти дагы кеңири жайылтып жатышат. Айрыкча механизатор Назарбек Абдырахманов мактоого татыктуу эмгектенүүдө. Ал өзүнүн механикалык тоют тараткычын өтө кылдат башкарып, сапаттуу даярдалган тоютту ар бир аштоого төкпөй-чачпай таратып, алардын ичин текши толтурат. 2500 мал толук тоюттанганча ушул ритм бузулбай улантылып олтурат. Ушунча жумуштун бардыгын жалгыз өзү аткарат. Техникага таянбаса механизатор жалгыз өзү аны аткара алат беле? Албетте, жок.

КПСС Борбордук Комитетинин июль (1978-жыл) Пленумунда айыл чарбасын мындан ары жогорулатуу үчүн күрөштүн жаңы этабына жетекчиликтин бир кыйла жогорку деңгээли да, масса арасында иш жүргүзүүнүн өтө өркүндөгөн ыкмалары да ылайык келүүгө тийиш деп айтылган. Бул бирикменин дирекциясын жана партиялык уюмун, коммунисттерди өз иштерин жаңыча курууну, айылда болуп жаткан өзгөрүүлөрдү толугураак эске алууну талап кылат. Анткени азыркы өндүрүштүк шарттарда технологиядан бир аз эле жаңылуу же өндүрүштүн ритмин бузуу коллектив үчүн оңойго турбайт. Ошондой терс көрүнүштөргө жол бербөө үчүн биз комплексте эмгектенген ар бир жумушчунун өндүрүштөгү кыймыл-аракетине такай контролдук жүргүзөбүз. Мында операторлордун арасындагы социалисттик мелдеш, массалык түшүндүрүү, саясий-тарбиялоо иштери эң таасирдүү каражаттардан болуп саналат.

Кийинки мезгилдерде бардык жерлердегидей эле биздин комплекске да ар башка коллективдерден түрдүү адамдар келди. Алардын арасында мурдагы жеринде жарытып иштебеген, оңой оокатка көнгөн адамдар да болгон. Ошолордун ар бирине көз салып, алардын жакшы жактары менен катар, кемчиликтерин да таба билип, аны туура жолго салуу керек. Комплексте өнөр жайлык технологияны киргизүү жана өздөштүрүү боюнча алдыга коюлган милдеттерди акыл-эстүүлүк, чыгармачылык менен жөндөмдүү, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып дегендей, чыныгы ынтымактуу, бир максатка умтулган коллективди түзүү үчүн бирикме алгачкы уюшулган күндөрдөн бери эле күрөшүп келе жатат.

Мүнөздүү бир мисал келтирейин. Бирикмеге М. Рыскулов дегенди ишке кабыл алган элек. Бирок, ал жаңы шартта иштөөгө адегенде көнө албады. Анын үстүнө мурдагы тарткыс да мактанарлык эмес болучу, өндүрүштө начар иштеген. Комплекске келген биринчи күндөрдө эле эмгек жана өндүрүштүк тартиптерди буза баштады. Бул терс көрүнүштөр башкаларга да жагымсыз таасир тийгизди.

Бирикменин дирекциясы партиялык уюм менен бирдикте ээн баштыкка үйрөнгөн менен жекече иштеп, аларды коллективизмге, эмгекке коммунисттик мамиле жасоо духунда тарбиялоого көп күч-аракет жумшады. Эмгекке, эмгек тартибине кайдыгер карагандар өндүрүштүк чогулуштарда талкууланды. Жумушчунун сыймыгы, анын кадыр-баркы, жалпы эле эмгек тартиби жөнүндө цехтерде, базаларда аңгемелер өткөрүлдү, саясий докладдар жана лекциялар окулду. Мына ошондой саясий-түшүндүрүү жолдору менен ынандырууга жетиштик.

Кийинчерээк Рыскулов оңолуп кетти. Ага малды бордоп семиртүү боюнча операторлук кызмат тапшырылды. Дудник, Аманкулов сыяктуу өндүрүштүн алдыңкылары

партиялык уюмдун тапшырмасы боюнча Рыскуловду шефке алып, практикалык жактан жардам көрсөтүштү. Мына ошондон кийин Рыскуловдун шыгына-шык кошулду. Ал чын дили менен берилип иштей баштады.

Бирок, анын бул багытындагы алгачкы ийгилигин байкабай, белгилебей коюуга болбойт эле. Өзү менен чогуу иштегендердин көзүнчө, коллективдин алдында ага алкыш жарыялоо, сыйлык тапшыруу чаралары Рыскуловдун эмгекке болгон кызыгууларын туудурду. Азыр бирикме боюнча алдыңкы жумушчулардын бири,бүткүл коллектив кадырлаган адам. Анткени малды бордоп семиртүү боюнча социалисттик милдеттенмелерин дайыма ашык аткарат.

Бирикменин дирекциясы партиялык уюм менен бирдикте коллективдин ар бир мүчөсүн ушундайча кылдаттык, сабырдуулук менен тарбиялоого умтулат. Ал эми бул багытта көрүлгөн чаралар, жумшалып жаткан күч-аракеттер өзүнүн жемиштүү натыйжасын берүүдө. Коллективде эмгек тартибин бузгандар дээрлик жоголду, өндүрүштүк тапшырмаларды, жогорулатылган социалисттик милдеттенмелерди сөзсүз орундатуу эрежеге, салтка айланып калды.

Ал эми бизде болсо социалисттик мелдештин төмөнкүдөй шарттары иштеп чыгылган. Бодо малды бордоп семиртүү боюнча үч сыйлык белгиленген. Чыгашага жол бербей, ар бир уйга 950 граммдан суткалык салмак кошууга жетишкендерге биринчи сыйлык — 40, экинчисине — 30, үчүнчүсүнө — 20 сом өлчөмүндөгү акчасы менен бардыгына өтмө желекче ыйгарылат.

Өзүнүн тобундагы ар бир музоого 600 граммдан суткалык салмак кошуп, чыгаша бербегендерге биринчи сыйлык — 30, экинчисине 20 сом акчасы менен өтмө желекче берилет.

Койлорду бордоп семиртүү боюнча да эки сыйлык белгиленген. Эч кандай чыгаша бербестен ар бир койго 150 граммдан суткалык салмак кошууга жетишкен-

дерге биринчи сыйлык — 30 сом акчасы менен өтмө желекче; экинчи сыйлык — 20 сом акчасы менен өтмө желекче.

Социалисттик мелдештин жүрүшү ар бир ай сайын текшерилип, жыйынтыгы ар тараптан кеңири талдоого алынат, өндүрүштүн жакшы жактары, топтолгон тажрыйбалар, иштеги кемчиликтер жана мүчүлүштөр белгиленет. Бирикмеде социалисттик мелдештин, жалпы эле эмгектин, өндүрүштүк иштин уюштуруу системаларын өркүндөтүү чаралары, перспективалары белгиленет. Бул жумуш цехтердин, механизаторлордун ортосунда өз ара мелдештин, социалисттик милдеттенмелердин келишимдери түзүлүп жаткан мезгилден тартып эле колго алынат.

Мына ушундан көрүнүп тургандай, социалисттик мелдеш коллективди эмгекке тарбиялоодо кубаттуу күч болуп эсептелет. Социалисттик мелдешке катышуу менен бирикмеде эмгектенген ар бир кызматкер өзүнүн коллектив алдындагы жоопкерчилигин сезет, эмгектин эң жогорку өндүрүмдүүлүгү үчүн күрөшөт, өзүнүн өндүрүштүк устаттыгын, тажрыйбасын байытуунун, квалификациясын арттыруунун үстүндө иштейт. Биздин ийгиликтерибиздин негизи мына ушунда.

## БАШКЫСЫ — НАТЫЙЖАЛУУЛУК

Чарбалар аралык бирикме ушул тармактагы ишканалардын башка түрүнө караганда экономикалык жактан бир кыйла ыңгайлуу экендигин практика көрсөтүүдө. Аны биздин эле ишкананын мисалынан ачык-айкын көрүүгө болот. Бирикменин кийинки жылдардагы экономикалык натыйжалуулугу 5-таблицада келтирилген маалыматтарда мүнөздөлөт.

Таблицада келтирилген маалыматтардан көрүнүп тургандай биздин бирикме эт өндүрүүнү жылдан-жылга

5-таблица

**Мамлекеттик-колхоздук бирикменин өндүрүштүк-финансылык ишинин негизги көрсөткүчтөрү**

| Көрсөткүчтөр | Ченем бирдиги | Жылдар | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 1976 | 1977 | 1978 | 1979 |
| Бодо малдын саны | баш | 3623 | 4963 | 6283 | 5735 |
| Мамлекетке сатылганы | баш | 4148 | 5537 | 4323 | 5655 |
| Жогорку семиздикте сатылганы | % | 86 | 96 | 94 | 96 |
| Бир уйдун орточо тирүүлөй салмагы | кг | 347 | 324 | 334 | 351 |
| Өндүрүлгөн дүң кошумча салмак | цент. | 8030 | 12731 | 12620 | 13244 |
| Суткалык орточо кошумча салмагынын өсүшү (уйлардыкы) | гр. | 558 | 697 | 573 | 732 |
| Кошумча салмактын эсебинен тапшырылган уй эти | цент. | 8290 | 10670 | 11290 | 12040 |
| 1 ц кошумча салмактагы уй этине сарпталган тоют бирдиги (ц) | т/б | 6,2 | 7,5 | 9 | 8,9 |
| 1 ц кошумча салмактагы уй этинин өздүк наркы | сом | 93,2 | 129,8 | 136,4 | 132 |
| 1 ц кошумча салмактагы уй этине сарпталган чыгым | адам/саат | 16 | 17,8 | 11 | 15 |
| Түшкөн пайда | мин/сом | 1196,6 | 1072,5 | 735,5 | 1200 |
| Рентабелдүүлүк | % | 33 | 18,2 | 34 | 35 |

көбөйтүп жатат. Буга коллектив бодо малды, койлорду интенсивдүү бордоп семиртүү жолу менен жетишүүдө. Эгерде эт комбинатына өткөрүлгөн ноопастардын ар биринин орточо тирүүлөй салмагы 1977-жылы 324 килограммды түзсө, 1978-жылы—334. 1979-жылы—351 килограммга жетти. Ошентип, жалаң кошумча салмактын эсебинен бирикмеде өткөн жылы 12040 центнер эт сатылып, план бир жылда ашыгы менен аткарылды. Ошол эле мезгилде бодо малдын суткалык салмак кошуусу пландагы 650 граммдын ордуна 732 граммды, чоң койлордуку — 54 граммдын ордуна 70, козулардыкы — 140 граммды түздү. Адистердин эсеби боюнча бирикмеде

бир центнер кошумча салмактагы эттен бир процент тоют бирдиги үнөмдөлүп калынган.

Кыскасы, бордоп семиртилген малдын орточо суткалык салмак кошуусу, эмгектин жана тоюттун сарпталышы колхоз-совхоздордогуга караганда алда канча эле жогору. Малды бордоп семиртүүнүн натыйжалуулугунун мындай жогорулашы — бирикмеде өнөр жайлык технологиянын, эмгекти уюштуруунун жана эмгекке акы төлөөнүн формаларынын өркүндөтүлүшүнүн, коллективдин арасында социалисттик мелдештин таасирдүүлүгүнүн натыйжасы болуп эсептелет. Мисалы, кошумча салмактын эсебинен 1 центнер эт алуу үчүн райондун колхоздорунда жана совхоздорунда 14—15 центнер тоют бирдиги сарпталат. Бул биздин бирикмедеги көрсөткүчкө салыштырганда эки эсеге, ал эми бир центнер кошумча салмактагы эттин алынышына эмгектин сарпталышы болсо — үч эсе көп.

Райондун айрым колхоздору менен совхоздору эт багытындагы бодо малды жетилте өстүрүүдө жана бордоп семиртүүдөн пайда көрмөк турсун, кайра зыян тартышат. Ал эми биздин ишкана болсо кошумча салмактын эсебинен өндүрүлгөн этти мамлекетке сатуудан жыл сайын жүздөгөн миң сом акчалай пайда алып жатат. Өндүрүштүн рентабелдүүлүгү 1977-жылдагы 14 проценттен 1979-жылы 35 процентке өстү.

Мына ушунун бардыгы закон ченемдүү көрүнүш. Бирикме эт багытындагы музоолорду үч айлыгында эле пайщик-чарбалардан кабыл алып, аларды жаңы технологиянын негизинде жетилте өстүрөт, кийин илимге негизделген рацион боюнча тоюттандырып семиртет. Мисалы, ар бир уйга теңдештирилген рацион боюнча күн сайын жети-сегиз килограмм тоют бирдиги берилет. Ал эми тоют бирдигине 90 граммга чейин аш болумдуу протеин туура келет. Мындай рацион ар бир уйдан 1 килограммга чейин суткалык кошумча салмак алууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Бодо мал 18 айлыгында эле 400 килограммдан жана андан да көп салмак басышы үчүн жетилте өстүрүүгө коюлган күндөн тартып бордоп семиртүүдөн алганга чейин суткалык орточо салмак кошуусу 650—700 граммдан кем болбошу керек. Аны биздин бирикменин комплексинин тажрыйбасы, алдыңкылардын иш практикасы ачык-айкын көрсөттү. Эгерде ушул эле салмак менен 15—16 айлыгында алып этке өткөрүү зарылдыгы болсо, анда суткалык орточо салмагын 800 граммга чейин, ал эми бир жашында тапшырыла турган болсо — суткалык салмак кошуусун бир килограммга чейин жеткирүү талап кылынат.

Мындай мүмкүнчүлүк колхоздордо жана совхоздордо жок. Ал эми кооперативдик негизде эт өндүрүүгө адистештирилген комплексте болсо малды бордоп семиртүү иши өнөр жайлык негизде, прогрессивдүү технология боюнча жүргүзүлөт. Мал секцияларга бөлүнгөн, жарым-жартылай ачык типтеги бастырмаларда, аянтчаларда байланбастан күтүлөт, атайын цехтерде кайра иштетилип, сапаты жакшыртылган аш болумдуулугу жогору болгон тоюттар менен толук камсыз кылынат. Малчы-операторлордун эмгегин жеңилдетүү, жалпы эле эмгек өндүрүмдүүлүгүн арттыруу үчүн бирикменин комплексинде анчалык кымбат эмес машиналар жана мал чарба жабдуулары колдонулат.

Бирикменин комплексинде уйларды жана койлорду борго байлап семиртүү иши ушундайча уюштуруу короо-сарайлардан, техникадан, мал чарба жабдууларынан, өзгөчө тоюттардан натыйжалуу пайдаланууга, оператор-малчылардын эмгек өндүрүмдүүлүгүн 1972-жылдагыга салыштырганда дээрлик үч эсе жогорулатууга мүмкүнчүлүк түздү.

Кооперациянын, өндүрүштү топтоштуруунун дагы бир артыкчылыгы бар. Бирикменин комплексинде иштеген ар бир кызматкерге бордоп семиртүүчү 100 гө жакын уй, ал эми ар бир малчы-операторлорго — 250 уй

туура келет. Бул райондун колхоздору менен совхоздорундагыга салыштырганда үч жарым эсе көптүк кылат. Анткени чарбалар аралык кооперациянын негизинде адистештирүүнүн тереңделиши жана топтоштуруунун деңгээлинин жогорулатылышы өнөр жайлык технологияны киргизүүгө, жогорку өндүрүмдүү машиналарды, комплекстүү механизацияны колдонууга, эмгекти илимдин негизинде уюштурууга өбөлгө түзөт. Эт өндүрүүнү учурдун талабына ылайык уюштуруп, Сузак районунун колхоздору жана совхоздору бадаларда тубар уйлардын санын бир кыйла көбөйтүүгө, аларды күтүү ишин жакшыртууга, анын негизинде сүт өндүрүүнү көбөйтүүгө жетишип жатышат. Ал эми комплексте тоютту кайра иштетип даярдоо, малды күтүү жана тоюттандыруу боюнча бардык иш процесстеринин комплекстүү механизациялаштырылышы, анын негизинде эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашы бирикменин рентабелдүү иштешине жол ачты.

Эгерде 1976-жылы малчы-операторлордун (мурда алар бадачы жана тоют таркаткыч деп аталып келген) орточо айлык акысы 150—160 сом болсо, ал өткөн жылы 180 сомдон ашты. Ал эми 211 ноопастын ар бирин 426 килограммдан тирүүлөй салмакта эт комбинатына өткөрүүгө жетишкен Расул Аманкуловдун тобундагы малчы-операторлордун орточо айлык акысы 200 сомдон да ашып кетти. Анткени бизде эмгекке акы төлөө өндүрүштүн акыркы натыйжаларына жараша, бригадалык принцип боюнча жүргүзүлөт.

Эмгекке акы төлөөнү ушул принцип боюнча — малдын суткалык салмак кошушуна, тоюттун чарбачылык, сарамжалдуулук менен сарпталышына жараша жүргүзүү практикасы иштин абалын алда канча жакшыртууга өбөлгө түздү. Мындай болгондо малдын ылдам жетилип, интенсивдүү салмак кошушуна бригаданын, топтун же звенонун ар бир мүчөсүнүн, комплексте малды бордоп семиртүүгө тиешеси бар ар бир адамдын кызы-

гуусунун артышына ынандык. Эмгек тартибинин сакталышына, тапшырылган иштин так аткарылышына алардын ар бири көз салат. Жалкоолорго жана башка жат көрүнүштөргө өзүлөрү чара колдонот. Мындан тышкары адистердин түнкү дежурствосу уюштурулган. Бул мал багылып жаткан базарларда, секцияларда, аянтчаларда, тоют цехтеринде кокустуктардын болушун, тоюттун коромжуга учуратылышын азайтууга шарт түздү. Мына ушул чаралар да малдын ылдам эт алышына, салмак кошушуна жардам берүүдө.

Жумушчу күчтөрүнөн пайдалануунун мүнөзү, анын өзгөчөлүктөрү жана эмгекке акы төлөөнүн принциптери боюнча биздин бирикменин адамдарынын эмгеги, эс алуусу өнөр жай ишканасына окшоп кетет. Комплексте АВМ — 0,65, ДГ — 0,81 жана башка техника орнотулган тоют цехи иштейт. Ал тоютту кайра иштетип, суткасына 80 тонна аралаш тоют, 20 тонна гранул даярдайт. Андан тышкары суткасына 300 тонна жарма жасоочу, музоолор, козулар үчүн хлорелла даярдоочу цехтер да курулган.

Бирикменин ишинин ийгилигине тоют цехтериндеги техниканын кубаттуу агрегаттардын линияларынын үзгүлтүксүз иштелиши көп жагынан жардам берүүдө. Анткени адистешкен «Октябрдын 40 жылдыгы» колхозу берген чөп, саман, силос, сенаж — мына ушул тоюттардын бардыгы комплекс үчүн сырьё гана болуп эсептелет. Биз аларды малга берердин алдында өзүбүздүн тоют цехтерде майдалап, белок, витамин, микроэлементтер жана башка аш болумдуу заттар менен теңдештирип, сапатын жакшыртабыз. Карбамид жана фосфат диаммонийин кеңири колдонобуз, мына ушул компоненттердин жардамы менен продукциянын бирдигине тоюттун сарпталышын кыскартууга, кошумча салмакты туруктуулук менен арттырууга жетишүүдөбүз.

Энергетика, авточарба цехтери, байланыш кызматы, курулуш, тиричилик цехтери, техникалык жабдуу жана

реализациялоо, техникалык бөлүмдөрү да иштейт. Мына ушулардын бардыгы бирикменин экономикалык абалын чыңдоого алып келди.

Бирикме пайщик-чарбалар менен эсептешүү иштерин чарбалык эсептин негизинде жүргүзөт. Башкача айтканда, бирикме үч айлык музоолорду пайщик-чарбалардан мамлекеттик сатып алуу баасы боюнча сатып алат да, малды күтүү жана тоюттандыруу иштерин өзүнүн эсебинен жүргүзөт. Мамлекетке тапшырылган малдын эсебинен түшкөн пайда мамлекеттик-колхоздук мал бордоп семиртүүчү бирикменин советинде каралып бөлүштүрүлөт. Келишим боюнча пайданын 80 проценти бирикменин фондуна чегерилет, калганы болсо пайщик-чарбаларга кайтарып берилет. Ал эми жылдын акырында түшкөн пайданын жалпы суммасы кайрадан эсептелет. Акыркы эсептешүү боюнча кирешенин жалпы суммасынын 35 проценти пайщик-чарбалардын эсебине чегерилет.

## ЖАҢЫ ЧЕКТЕРГЕ КАРАЙ

Эт өндүрүүнү жана аны мамлекетке сатууну көбөйтүүнүн негизги жолу — комплекстин долбоордук кубаттуулугун, өнөр жайлык технологияны дагы мыкты өздөштүрүү, аны улам өркүндөтө берүү, малга берилүүчү тоюттун бирдигинен мүмкүн болушунча көбүрөөк натыйжа алууга жетишүү, эмгекти көп талап кылган иш процесстерин механизациялоону күчөтүү, анын негизинде кол эмгегинин колдонушун кыскартуу болуп эсептелет. Ушул максатта биз жылдык кирешенин эсебинен бирикменин материалдык-техникалык базасын мындан ары дагы чыңдоо боюнча бир топ чараларды ишке ашырып жатабыз. Кой комплекси кеңейтилүүдө, тоют цехи кайрадан жабдылууда. Тоют цехинин ичинде гранулдарды иштеп чыгаруучу, жарма кайнатуучу жана хлорелла өстүрүүчү

цехтери бар. Алар да кеңейтилип, жаңы техника орнотулуп, тоют өндүрүүнүн технологиясы өркүндөтүлүүдө. Бирикменин Жалал-Абаддагы жана Октябрскидеги базаларында чарбалык ыкма боюнча жаңы бастырмалар курулуп, эскилери ремонттолуп, мал серүүндөөчү аянтчалары кеңейтилүүдө. Биз ушундайча жол менен комплекске бордоп семиртилүүчү малды көбүрөөк жайгаштырууга, анын эсебинен короо-сарайлардан, техникадан натыйжалуураак пайдаланып, эт өндүрүүнү көбөйтүүгө умтулабыз.

Ошентсе да иштин ийгилигин көбүнчө адамдар чечет. Биз бирикменин комплекстеринде иштегендердин өндүрүмдүү эмгектенип, маданияттуу эс алышы, өз кесибин сүйүп өндүрүштүк квалификациясын жогорулатышы үчүн мүмкүн болгондун бардыгын иштөөгө аракеттенүүдөбүз. Мал бордоп семиртилүүчү комплекс адеп түзүлгөндө, андагы үч-төрт бастырмадан башка көзгө көрүнөрлүк курулуш болгон эмес. Жалал-Абад шаарынын четинде болгону менен, комплекс таштак, ачык талаага орношкон эле. Андан бери комплекс өстү. Анын аймагы кеңейип, өнөр жайлык типтеги тоют цехтери, базалар, короо-сарайлар турак үйлөр, административдик, өндүрүштүк имараттар жана башка курулуштар менен бирикменин борбордук чарбагы өзүнчө эле шаар сыяктанат. Жайында бул жер бакка курчалып турсун деп жашылдандыруу чараларын көрүп жатабыз. Ушул максатта жазында жана күзүндө жолдордун боюна, базалардын, цехтердин, турак үйлөрдүн айланасына, көчөт олтургузуу, гүл өстүрүү салтка айланып калды.

Комплекске уландар жана кыздар көбүрөөк келишип, туруктуу иштеп калса дейбиз. Анткени келечекте бирикменин тагдырын чече турган кадрлар ошолор эмеспи. Ошол себептүү биз жалаң комсомолец-жаштардан малчы-операторлордун атайын бригадасын түзгөнбүз, алар жөнүндө дайыма камкордук көрөбүз. Жаштардын спорттук аянтчасы, дүкөн, мончо, клуб, маданий тур-

муш-тиричилик жактан тейлөөчү мекемелери иштейт, турак үйлөрдү куруунун чараларын да кеңейтип жатабыз.

Ошондой болсо да өндүрүштүн өндүрүмдүүлүгүнө жолтоо болуп жаткан кемчиликтер, чечилбей келе жаткан проблемалар бар. Мисалы, бирикменин уй жана кой бордоп семиртилүүчү комплекстеринде эмгекти көп талап кылган иш процесстерин механизациялаштыруунун деңгээли жылдан-жылга жогорулап, өндүрүштүн технологиясы өркүндөтүлүүдө. Бул болсо ар бир оператор тарабынан тейленүүчү малдын санынын көбөйүшүнө алып келүүдө. Буга мындай бир мисал келтирейин. Эгерде 1972-жылы комплексте эмгектенген ар бир оператор орточо 148 уйду бордоп семирткен болсо, өткөн жылы бул көрсөткүч 250гө жеткирилди. Кошумча салмактын эсебинен өндүрүлгөн уй этинин ар бир центнерине адам-күнүнүн сарпталышы да төмөндөтүлүүдө, ал эми өндүрүштүн экономикасын аныктоочу негизги көрсөткүчтөрдүн бири — продукциянын өзүнө турган наркы болсо, кымбаттап баратат.

Мында бизди барынан көп тынчсыздандырган маселе — тоют. Өткөн жылы биз өз күчүбүз менен 1745 тонна кесек тоют, 418 тонна жемдик дан даярдадык. Бул тоют 6 миңге жакын бодо малга, 17 миңден ашык койго жетпейт.

Бирикме мамлекеттен сатып алып жаткан жемдик эгиндин ар бир центнери 1976-жылы 7 сом 88 тыйын. Ал эми 1978-жылдан тартып 9 сом 44 тыйынга жогорулады. Ошондой эле аралаш тоюттун ар бир центнеринин баасы да өстү. Ал азыр 2 сом 73 тыйын, Чөптүн бир центнери — 2 сомдон да ашып кетет. Сенаждын баасы 50 процентке, жүгөрү бакалы эки эсеге кымбаттады.

Тоюттун баасынын мындай өсүшү продукциянын өздүк наркынын өсүшүнө таасирин тийгизүүдө. Кошумча салмактын эсебинен алынган 1 центнер уй этинин өзүнө турган наркы мурдагы жылдардагыга салыштырган-

да дээрлик 36—38 сомго жогорулады. Өткөн жылы бирикме боюнча кошумча салмактагы бир центнер уй этинин өзүнө турган наркы 132 сомду түздү. Бул 1972-жылдагыдан — 49 сомго, 1973—1975-жылдардагыдан 46—47 сомго кымбат болуп эсептелет. Мамлекеттик колхоздук бирикме боюнча жылдык дүң киреше 1976—1977-жылдары миллион сомдон ашкан болсо, бул көрсөткүч 1978-жылы 735,8 миң сомду түздү. Мына ушунун бардыгы тоюттун кымбаттыгынан болуп олтурат.

Бордоп семиртилип жаткан малдын салмак кошуусунун өсүшүнө жана продукциясынын өзүнө турган наркынын төмөндөшүнө жогорку сапаттагы ар түрдүү тоюттардын жетишпей жаткандыгы да жолтоо болуп жатат. Ал өзгөчө үстүбүздөгү беш жылдыктын өткөн үч жылында бир топ сезилерлик болду. Тоюттун жетишсиздиги быйылкы жылы да сезилүүдө. Комплексти тоют менен камсыз кылууга милдеттендирилген жана бул ишке атайын адистешкен «Октябрдын 40 жылдыгы» колхозу сенаж жана силос даярдоо боюнча өзүнүн келишимдеги милдеттенмесин орундатса да чөп, саман жүгөрү бакалдарын топтоонун пландарын орундатпай келе жатат.

Ал эми сапаттуу чөптүн жетишпегендигинен бирикме бодо малдын бир бөлүгүн пайдасыз болсо да жайында алыскы жайлоого чыгарууга аргасыз болот. Мындан бир-эки жыл мурда республиканын Чүй өрөөнүнөн камыш ташып келүүгө да туура келген. Аны мал жакшы жебейт. Ошого карабастан тоютка деп атайын даярдалган камыштын ар бир центнеринин баасы бирикме үчүн 5 сом 40 тыйынга турду. Бул ушул жердин өзүндө даярдалган баалуу тоют — сенажга салыштырганда эки эсе кымбат.

Малды бордоп семиртүүчү мамлекеттик-колхоздук бирикменин тоют базасын мындан ары жакшыртуу жетилген маселе. Анын ылдам чечилишин мезгил талап кылууда. Бул маселенин биз үчүн өзгөчө мааниси бар.

Анткени биз 1977-жылдан бери койлорду да багып келе жатабыз. Азыр бирикменин кой комплексинде 17 миңден ашык кой бордоп семиртилүүдө. Чарбаларда бракка чыгарылган кой-козуларды комплексте өнөр жайлык технологиянын негизинде күчөтүлгөн рацион менен тоюттандырып, эт өндүрүүнү көбөйтүүгө боло тургандыгын өткөн жылдардын практикасы көрсөттү. Мындай ыкма менен багып семиртилген койлордун ар бири 55—60 килограммдан кем эмес тирүүлөй салмакта этке өткөрүлгөн. Бул экономикалык жактан чарбалар үчүн да пайдалуу.

Ал эми бирикменин комплексин кой короолорунун эсебинен кеңейтүү — жаңы тоют ресурстарын, өзгөчө жашыл тоютту, беде чөбүн, жемди көбөйтүүнү талап кылат. Сапаттуу тоют бардык малдын эрте өсүп жетилишине, суткалык кошумча салмагынын өсүшүнө өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүнчүлүк түзөт.

КПСС Борбордук Комитетинин «Пландаштырууну жакшыртуу жана өндүрүштүн натыйжалулуугуна жана иштин сапатына чарбалык механизмдин таасирин күчөтүү жөнүндөгү» токтомунун чечимдеринде да коомдук өндүрүштү мындан ары өнүктүрүүнүн турмуштук эң маанилүү маселелери баса көрсөтүлгөн.

Ушуга байланыштуу биз пайдалана турган, бирок толук аракетке келтирилбей жаткан мүмкүнчүлүктөр, резервдер жөнүндө да бир азыраак токтолмокчумун. Мындан эки-үч жыл мурда Ош областынын мал чарба кызматкерлеринин өкүлдөрүнүн бир тобу менен Молдавияда болдум. Аларда «Живпромдун» ар бир райондук бирикмесине тоют өндүрүүгө адистештирилген чарба бекитилген. Бизге анын иши абдан жакты. Анткени ал бирикменин коллективи жалаң гана тоют даярдашып, башка иштерге алагды болбойт экен. Ошентип, алар өзүлөрүнө бекителген мал бордоп семиртилүүчү бирик-

менин комплексинин керектөөсүн тоюттардын бардык зарыл түрлөрүн камсыз кыла тургандыгына ынандык.

Тилекке каршы, бизде тоют проблемасы дагы эле болсо толук чечилбей келе жатат. Биздин бирикменин комплексин тейлеген «Октябрдын 40 жылдыгы» колхозунун уй жана кой фермалары бар. Ошол себептүү ал мамлекеттик-колхоздук мал бордоп семиртүүчү бирикме эмес, өзүнүн малын керектүү тоют менен камсыз кылууга араң жетишет. Чарбанын бизге даярдап берип жаткан тоюттарынын сапаты да купулга толбойт, анын үстүнө жогоруда белгиленгендей кымбатка турат.

Молдавиялыктардын дагы бир тажрыйбасы колдоого татыктуу. Республиканын ар бир районунда колхоздор менен совхоздордун каражаттарынын эсебинен кооперативдик негизде тегирмен комбинаты курулган. Пайщик-чарбалардын карамагындагы чарбалар аралык бул ишкана мал бордоп семиртүүчү комплекстерди кеңири ассортименттеги аралаш тоют менен толук камсыз кылат. Мал чарбасынын, өзгөчө, малды бордоп семиртүүчү комплекстердин тоютка карата болгон керектөөлөрүн толук камсыз кылуу үчүн колхоздор менен совхоздордун күчү менен кооперативдик негизде ошондой тегирмен комбинаттарын бизде да курууга эмне үчүн болбосун!

КПСС Борбордук Комитетинин июль (1978-жыл) Пленумунун чечимдеринде белгиленген комплекстүү программаны турмушка ашыруу менен «Живпромдун» Сузак райондук бирикмесинин коллективи уйларды жана койлорду бордоп семиртүүнү уюштурууда бир топ тажрыйба топтоп, мыкты ийгиликтерге жетишти. Алар ошону менен эле чектелип калбастан өндүрүштүн натыйжалуулугу жана иштин сапаты үчүн болгон күрөштө жаңы бийиктиктерге умтулуп, өзүлөрүнүн бүткүл күч-аракеттерин бордоп семиртилип жаткан малдан мүмкүн болушунча көбүрөөк суткалык кошумча салмак алууга жетишүүгө багыттап жатышат.

КПСС Борбордук Комитетинин ноябрь (1979-жыл)

Пленумунун чечимдери, КПСС Борбордук Комитетинин Генеральный секретары жана СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели жолдош Л. И. Брежневдин ал Пленумда сүйлөгөн терең мазмундуу сөзү бүткүл өлкөдөгү сыяктуу эле биздин бирикменин коллективинде да чыгармачылык изденүүнү, эмгектик демилгелерди пайда кылууда. Малчы-операторлор, механизаторлор, зооветеринардык адистер, бирикменин бүткүл кызматкерлери КПССтин XXVI съездинин урматындагы бүткүл элдик социалисттик мелдештин кулачын кеңири жайылтышты. Алар өз мүмкүнчүлүктөрүн, резервдерди эсептеп чыгышып, онунчу беш жылдыктын аяктоочу жылында кеминде 5 миң уйдун ар биринин орточо тирүүлөй салмагын — 360, 17 миңден ашык койдун ар биринин тирүүлөй салмагын 60 килограммдан этке өткөрүүнү чечишти.

Кошумча салмактын эсебинен бирикме боюнча 12 миң центнерден кем эмес уй эти өндүрүлөт. Ар бир уйдун суткалык орточо салмак кошушу өткөн жылдагы 732 граммдын ордуна — 850, койдуку — 120 граммга чейин жеткирилет. Бордоп семиртилген бардык малдын 96 проценти жогорку семиздикте өткөрүлөт. Кошумча салмактагы уй этинин ар бир килограммына — 8, ал эми кой этине — 10 тоют бирдиги сарпталат.

Онунчу беш жылдыктын аяктоочу жылында бирикме боюнча 1 миллион сомдон кем эмес акчалай киреше алууга, өндүрүштүн рентабелдүүлүгүн 35 проценттен ашырууга жетишилет. Кошумча салмактын эсебинен өндүрүлгөн ар бир центнер этке жумшалуучу тоют бирдигинин бир проценти үнөмдөлөт.

Тоют цехтеринин жана линияларынын үзгүлтүксүз иштетилиши, ар бир сутка сайын бирикме боюнча кеминде 20 тоннадан гранул, 80 тоннадан аралашма тоют, 300 тоннадан жарма иштеп чыгарылып турушу камсыз кылынат. Эмгек өндүрүмдүүлүгү пландагыга караганда 1,5 процентке жогорулатылат.

Бирикмеде коммунисттик эмгектин цехи, бригадасы, звеносу деген ардактуу наам үчүн мелдеш кеңири жайылтылды. Эмгек тартибин чыңдоо, өндүрүштүн натыйжалуулугу жана иштин сапаты үчүн күрөш күчөтүлдү. коллективдин өндүрүштүк активдүүлүгүнө таянып, биз, малды жетилте өстүрүү, бордоп семиртүү, кошумча салмак алуу, мамлекетке эт сатуу боюнча планды 1980-жылдын 20-декабрына чейин, ал эми онунчу беш жылдыктын тапшырмаларын үстүбүздөгү жылдын биринчи жарымында орундатууну чечкенбиз. Мунун өзү он биринчи беш жылдыктын тапшырмаларын да ийгиликтүү орундатууга мыкты өбөлгө болуп кызмат кылат деп эсептейбиз.

Социалисттик бул милдеттенмелер коллективдин жалпы чогулушунда ар тараптан терең талдоого алынган жана бир добуштан жактырылган. Ошондуктан милдеттенмени аткарууга чечкиндүүбүз. Милдеттенмелердин орундалышын камсыз кылуу максатында иштеп чыгылган чараларда тоютту иштетүү, малды күтүү, тоюттандыруу, комплекстин долбоордук кубаттуулугун толук өздөштүрүү боюнча илимдин жетишкендиктерин кеңири колдонуу жактары каралган. Бирикменин коллективинин ар бир мүчөсү малдын суткалык салмак кошушун канча граммга жеткирип, тоютту кантип үнөмдөй тургандыгы жөнүндө өзүнчө ачык-айкын милдеттенме кабыл алган. Мелдештин жүрүшү ар бир ай сайын жыйынтыкталып, жеңип чыккандар моралдык жана материалдык жактан сыйланып турат.

«Онунчу беш жылдыкты мөөнөтүнөн мурда орундатабыз»— бирикменин коллективи партиянын XXVI съездинин урматындагы кеңири жайылтылган социалисттик мелдеште мына ушундай ураандын астында эмгектенүүдө. Алар милдеттенмелерин ар-намыстуулук менен аткарышаарында шек жок. Анткени аларда бай тажрыйба жана бекем эрк бар.

## МАЗМУНУ

Ыкчамдатуунун маанилүү шарты . . . . . . . . . . 3
Тоют өндүрүү жана малды тоюттандыруу . . . . . . 9
Бордоп семиртүүнүн устаттары . . . . . . . . . 18
Башкысы — натыйжалуулук . . . . . . . . 26
Жаңы чектерге карай . . . . . . . . . . . . 32

Люди и дела киргизской деревни

*Исмаил Койлиев*

ОПИРАЯСЬ НА ТЕХНИКУ

(на киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Рецензент К. Исаев
Редактору А. Жунушов
Тех. редактору Р. Ревенко
Корректору Н. Борбутаева

ИБ № 1422

Терүүгө 7. 4. 1980-ж. берилди. Басууга 23.06. 1980-ж, кол коюлду. Д—02183. Кагазы типографская № 1. Адабий арипи, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 70×108 1/32. 1,25 физ. басма табак 1,75 шарттуу басма табак, 1,747 учеттук табак. Тиражы 1000. Заказ 1168. Баасы 5 т.

«Кыргызстан» басмасы
ГСП, 720737, Фрунзе, 21, Совет көчөсү, 170

Чүй өндүрүштүк «Полиграфист» бирикмеси. Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча Мамлекеттик комитети.
720616, ГСП, Фрунзе шаары, Караганды көчөсү, 72.

5 к.